УДК 801.8
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-344-349

**ҮКҮЕВА Б.К.**
Ош мамлекеттик университети
**УКУЕВА Б.К.**
Ошский государственный университет
**UKUEVA B.K.**
Osh State University

# УЛУУ ОКУМУШТУУНУН КӨӨНӨРБӨС МУРАСТАРЫ

## БЕССМЕРТНОЕ НАСЛЕДИЕ ВЕЛИКОГО УЧЕНОГО

## THE INDELIBLE LEGACY OFA GREAT SCIENTIST

**Кыскача мүнөздөмө:** Аталган макалабызда улуу окумуштуу Качкынбай Артыкбаев адабият таануу илимине опол тоодой эмгегин кошкон кадырлуу адабият таануучу, тажрыйбалуу педагог, таасирлүү сынчы, курч калемдүү публицист, таланттуу котормочу, акын катары бир топ эмгектери менен бизге белгилүү экендигин, башкача айтканда, бери эле дегенде адабий изилдөөлөрү жана адабий сындагы жараткан эмгектери 12 ден ашса, ал эми анын окуу китептери, окуу куралдары, окуу программалары 14 төн ашыктыгын, коомго адабиятчы, окумуштуу катары таанылбастан акын катары да аттын кашкасындай белгилүүлүгүн «Байчечекей» (1964), «Тоолор менен сырдашуу» (1968), «Жаркын өмүр» (1975), «Жолдор жана тагдырлар» (1981), «Таазим» (1987), «Замана» (1994), ”Дил сыры”(2004) жана башка ырлары, поэмалары, дастандары камтылган жыйнактары, жана котормолору бар экендигин баяндайбыз.  Окумуштуунун мындай табигый көп кырдуу касиеттерине таянуу менен бул инсанды кайталангыс талант катары окурманга тааныттуу макаланын максаты болуп саналат. Демек жогорудагыдай аргументтерге таянуу менен К.Артыкбаевдин өмүр чыгармачылыгы изилдөөгө татыктуу жана аны изилдөө улуттук адабиятты сүйгөн жана аны кадырлап, сыйлап адабияттын тарыхын билүүгө кызыккандар үчүн ар дайым актуалдуу болуп кала бере тургандыгын чагылдыруу макалабыздын милдети болуп саналат.

**Аннотация:** В данной статье речь идет о великом ученом Качкынбае Артыкбаеве, известном нам как уважаемый литературовед, опытный педагог, влиятельный критик, публицист с острым пером, талантливый переводчик, внесший значительный вклад в литературоведение. Его литературные исследования и критика превышают 12 публикаций, а его учебников, учебных пособий учебных программ более 14. Качкынбай Артыкбаев известен обществу не только как литератор, ученый, но и как поэт. Ему принадлежат сборники стихов, поэм, дастанов «Байчечекей» (1964), «Тоолор менен сырдашуу» (1968), «Жаркын өмүр» 1975), «Жолдор жана тагдырлар» (1981), «Таазим» (1987), «Замана»  (1994) “Дил сыры” (2004) и др. Принимая во внимание его природные многогранные качества ученого, мы можем признать эту личность как уникальный талант. Жизнь и творчество Артыкбаева достойны изучения, и целью нашей статьи является отражение того, что изучение его наследия всегда будет актуально для тех, кто любит литературу и интересуется историей национальной литературы.

**Abstract:** In- this- article, the great-scholar. Kachkynbai Artykbaev is known to us as a  respected literary-scholar, an-experienced teacher, an-influential critic, a publicist with a sharp-pen, a talented translator; and a poet who has made a significant-contribution to literary studies. That is, at least his literary studies and literary criticism-exceed 12, and his textbooks, teaching aids and curricula exceed 14-Kachkynbai Artykbaev is known to the society not only as a literary-scholar but-also as a poet. He owns collections of poems, poems, epics "Baichechekey" (1964), "Joldor jana tagdyrlar" (1968), "Yarkyn-zhamur"- (1975), "Roads and destinies"-(1981), "Taazim" (1987), "Zamana" (1994) “Zamana”(2004) and others, and translations prove to-him. Based on such natural multifaceted properties of the scholar, we can recognize this personality as a unique talent.  Consequently, relying on arguments such as those given above. The life and work of Artykbaev is worthy of study, and the purpose of our article is to reflect that his study will always be relevant for those who love national literature and are interested in the history of literature, respecting and honoring it.

**Негизги сөздөр:** окумуштуу; адабиятчы; сынчы; педагог; акын; публицист; көп кырдуу талант; чыгырмачылыгы.

**Ключевые слова:** ученый; литератор; критик; педагог; поэт; публицист; разносторонний талант; творчество.

**Keywords:** scientist; literary scholar; critic; teacher; poet; publicist; versatile talent; creativity.

**Киришүү** Кыргыз адабият таануусуна элүүнчү жылдардан баштап опол тоодой өлбөс, өчпөс эмгегин калтырып кеткен көрүнүктүү илимпоз, адабиятчы, сынчы, акын жана публицист, котормочу, Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси, Кыргыз Республикасынын коомдук илимдер академиясынын академиги, 400дөн ашык илимий макалалардын, 12 монография жана адабий сын жаатындагы эмгектердин, 14төн ашык окуу китебинин жана окуу куралдардын, окуу программаларынын, 9 ырлар жыйнактарынын, 5 котормолордун автору, филология илимдеринин доктору, профессор, өмүрүнүн акырына чейин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кафедра башчысы Качкынбай Артыкбаевдин чыгармачылык өмүр жолу чындыгында кайталангыс өмүр жол. Анын ар бир эмгегинин мазмундук, тарбиялык салмагы ат көтөргүс жана изилдөөгө татыктуу.

**Колдонулган метод:** Илимий -теориялык.

Талкуу жана натыйжа

Устатыбыз профессор Киреше Иманалиев: "Өмүрүнүн жайында кирген суудай буркан-шаркан түшүп ташкындаган, кээде уч-кыйрына көз жетпей мелмилдеген дайрадай болуп, жай аккан мезгилин, анын ачуу менен таттуусун бүтүндөй адабий ишке арнаган инсандардын арасынан адабиятчы – илимпозчулукту, акын жана котормочулукту, сынчы жана педагог – нускоочулукту бирдей алып жүргөн, ушулардын ар биринде кайталангыс талантын көрсөтүп, бир элдин адабият - искусствосуна, илим менен маданиятына, билим жана тарбия берип, кадр даярдоо ишине көрүнүктүү салымын кошуп, көңүл кушун көкөлөтүп, эстетикалык рахат тартуулаган ондогон поэтикалык китептердин, сын жыйнактарын, илимий монографиялар менен окуу китептерин, публицистика менен котормолорду өз элинин адабий казнасына тартуулаган кайсы элде болсо да өтө сейрек кездешет. Мына ошондой сейрек кездешкен таланттардын бири Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, филология илимдеринин доктору, профессор Качкынбай Артыкбаев" (Качкынбай Артыкбаев. Бишкек. – 2004. 170-бет.) -деп белгилегендей биз бир аз лирикалык чегинүү жасап, окумуштуу К.Иманалиевдин оюн тастыктоо иретинде улуу окумуштуунун көөнөрбөс эмгектерине анын ичинен адегенде монография, сын китептерине аз да болсо хронологиялык тартипте обзор жасай кетүүнү туура көрдүк. Оюбузду төрт бөлүккө бөлүп берсек болчудай.

I бөлүк. Монографиялары жана адабий сынга байланыштуу эмгектери

Улуу окумуштуунун таланты мектепте жүргөндө эле башталгандыгын анын 1951-жылы университетке кирүү экзаменин тапшырып жатканда жазылуучу сочинениесин жалаң ыр менен жазып, ”эң жакшы” деген баага татыктуу болгондугунан, университетте окуп жүргөн кезинде эле "Жаш акындардын чыгармачылыгындагы А.Осмоновдун таасири" аттуу алгачкы адабий сын макаласын 1956-жылы ”Ленинчил жаш” газетасына жарыялагандыгынан билебиз. Айрыкча кыргыз адабият таануу илимине профессионал сынчынын келгендигин "Чалгын" Фрунзедеги Кыргызмамбасмаканасынан 1962-жылы, 275 беттен турган адабий сын китебинин жарык көрүшү кыргыз адабий сындын тарыхындагы биринчи китеп катары таанылып, адабий коомчулукта жакшы ой пикирлерди туудургандыгы менен баалуу болгондугунан көрөбүз. Андан көп узабай 1965-жылы окумуштуу Асанбек Табалдыев менен бирге Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги тууралуу маалыматтарды тактоо менен жазышкан "Баатырлар сымбаты" Фрунзедеги "Мектеп" басмасынан чыккан 140 беттен турган очерктер жыйнагы болгон. Ага удаалаш 1966-жылы "Изденүүлөр жана табылгалар" монографиясы жарык көрүп, анда профессионал адабият таануу илими менен адабий сындагы айрым урунтуу маселелер менен бирге жазуучуларыбыздын адабий портреттерине адабий сынчы катары омоктуу адилет ойлорун айтып коомчулукка таанылган. Эгерде жогоруда белгилегенибиздей окумуштуунун андан аркы хронологиялык тартиптеги эмгектерине токтолгонубузда ” Ар түрдүү издер" (1968, 160бет) окумуштуунун

адабият таануу, адабий сындагы үчүнчү китеби катары белгилүү болуу менен анда азыркы мезгил менен айтканда улуу муундагы К. Баялиновдун, А. Токомбаевдин, М. Токобаевдин, Ж. Турусбековдун чыгармачылык өнөрканасына токтолуп, алардын чыгармаларынын жазылыш тарыхындагы идеялык удаалаштык принцибинин сакталгандыгын чыгармалары аркылуу далилдеп көрсөткөндүгү. Окумуштуунун “Сын сапары” (1970, 256-б.) аттуу макалалар жыйнагында басымдуу орун М. Элебаевдин, Ж. Бокөнбаевдин, К. Жантөшевдин, А. Осмоновдун чыгармачылык өнөрканасындагы мурдагы эмгектеринде белгиленбей, байкалбай кеткен чыгармаларынын көркөмдүк эстетикалык касиеттерин ачып көрсөткөндүгү. Мындан анын кыргыз адабиятындагы азырынча чечилбей жаткан, кандайдыр себептер менен алиге чейин туура эмес талкууланып жүргөн орчундуу жактары тууралуу адилет жана актуалдуу ойлорун таанууга болот. “Чыгармалар жана ойлор” (1974, 246-б.) сын китеби кыргыз адабиятынын орчундуу маселелеринин тегерегинде өзгөчө фольклор менен жазма адабияттын карым катнашы тууралуу А. Токомбаев менен К. Маликовдун чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөрдү, андагы кездешкен оош кыйыштарды көркөм далилдер менен ишенимдүү, илимий практикалык жактан негиздүү анализдеп бере алган. Фрунзедеги Кыргызстан басмасынан 1979-жылы жарык көрүп, 196 беттен турган ”Мезгил элестери” китебине негизинен макала жана адабий портрет сыяктуу эки түрдүү жанрдагы макалалары кирген. Башкача айтканда адабият таануу илимибиздин адабияттын тарыхы, адабий сын, адабият теориясы өңдүү үч бөлүмүнүн өз ара карым катнашы, эволюциялык процессиндеги закон ченемдүү тенденциялары илимий, так, ынанымдуу көркөм натыйжалары менен көрсөтүлүп берилген. Андан кийинки 1984-жылы жарык көрүп, 334 беттен турган “Тандалмаларынын” негизги мазмунун окумуштуунун мурда жарык көргөн изилдөөлөрүнүн, адабий сын макалаларынын, адабий портреттеринин айрымдары түзөт. Өзгөчө “Изденүүлөр жана табылгалар” монографиясындагы А. Токомбаевдин чыгармачылык өнөрканасына жана К. Баялиновдун “Көл боюнда”, М. Мураталиевдин “Жаңы конуш” повестерине, “Мезгил элестеринде” Т. Сыдыкбековдун, Ч. Айтматовдун, К. Баялиновдун, К. Жантөшевдин, А. Стамовдун чыгармаларына анализ жасоо менен Орто кылым адабияты тууралуу да илимий көз караштарын далилдүү ачып берген.

Илимпоз адабиятчы, адабий сынчы, публицист, акын педагог жана коомдук ишмер К. Артыкбаев “Акыйкат сабагы” (Бишкек: Адабият, 1991, 286-б.) эмгегинде байыркы жана орто кылымдагы кыргыз адабиятын үйрөнүүдө болгондо да Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим”, Махмуд Кашгаринин “Дивани-лугат-ат түрк” эмгектерин кыргыз элине таандык экендигин өздүк жана илимий концепцияда аргументтүү материалдардын негизинде тастыктайт. Ошондой эле К. Акиевдин чыгармаларынын эволюциясы тууралуу сөз козгоп, тарыхчы, этнограф, фольклорист, акын Б. Солтоноевдин, Арстанбектин мурастары кыргыз элинин маданиятынын тарыхына кирүүгө толук акылуу экендигин өз ойлорунда таасын, так, ынанымдуу бекемдейт.

Кыргыз адабиятынын өнүгүш тарыхында К. Баялинов менен М. Алыбаевдин өз орду бар чыгармачыл инсандар катары алардын өмүр таржымалындагы жана чыгармачылыгындагы айрым мүчүлүштүктөргө тактоолорду “Кыйын өткөөл”, “Унутулбас Мидин” деген темаларда киргизип, окумуштуу тарабынан такталгандыгы кубанычтуу көрүнүштөрдүн бири десек болот. Ал эми таланттуу акын жана драматургдарыбыз Ш. Садыбакасов менен Ж. Садыковдун драма жаатындагы ийгилиги “Көркөм сөздүн дыйканы”, ”Көрөңгөлүү чыгармачылыкта” белгиленсе, чындыкты, акыйкатты акыйкат таануу, дүйнөнү акыйкат таануу Ч. Айтматовдун “Кыямат” романында канчалык деңгээлде көркөм чагылдырылгандыгы “Акыйкат сабагында” анализге алынат. Төрөлгөндөн алты айдан кийин айнектей эки көзүнөн ажыраган А.Бердибаевдин чыныгы акындык жана инсандык жүзү ”Төкмөлүктөн профессионал поэзияга карай” деген макаласында таасын баяндалат. Дегинкиси биз жогоруда окумуштуунун монографияларын, адабий изилдөөлөрүн, адабий сын китептерин хронологиялык тартипте берүүгө аракеттендик.

Макалабыздын экинчи бөлүгүндө окумуштуунун таасын педагог катары жазган эмгектерин Улуу окумуштуу тууралуу илимий иш жазуучулар: аспиранттар, магистранттар, докторанттарга керек тийип калабы деген максатта толук хронологиялык тартипте

берүүнү эп көрдүм. Анткени азыр айрым чыгаан инсандар тууралуу маалымат табуу кыйынга турган мезгил.

**II ОКУУ КИТЕПТЕРИ, ОКУУ КУРАЛДАРЫ, ОҢУУ ПРОГРАММАЛАРЫ**

**Кыргыз тилинде:**

**12.** «Фольклордук практиканын» программасы (С. Бегалиев менен бирге) – Фрунзе, 1976, 15-б. **13.** «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа. Кыргыз республикасынын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн (Авторлор менен бирге). – Фрунзе, 1982, 74-б. **14**. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы». Республиканын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. – Фрунзе: Мектеп, 1982, 528-б. **15**. Адабият таанууга киришүү» курсунун программасы. Кыргыз республикасынын жогорку окуу жайларынын филология факультеттери үчүн (Ж. Шериев менен бирге). – Фрунзе, 1982, 20-б. **16.** Биздин адабият. IV класс үчүн окуу китеби (Б. Исаков менен бирге)». – Фрунзе: Мектеп, 1986, 352-б. **17.** Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы». Окуу куралы. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн (С. Закиров, А. Абдыразаков, Л. Үкүбаева менен бирге). – Фрунзе, 1988, 172-б. **18**. Биздин адабият. IV класс адабият. IV класс үчүн окуу китеби. 2-басылышы. (Б. Исаков менен бирге). – Фрунзе: Мектеп, 1988, 352-б. **19.** Аалы Токомбаевдин акындык чеберчилиги. Окуу-методикалык курал. – Фрунзе, 1990, 144-б. **20.** Биздин адабият. У класс үчүн окуу китеби (Б. Исаков менен бирге). – Фрунзе: Мектеп, 1990, 288-б. **21.** Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа (Байыркы мезгилден XX кылымга чейин). Жогорку окуу жайларынын Филология факультеттеринин студенттери үчүн. (А. Абдыразаков менен бирге). – Фрунзе, 1990, 36-б. **22**. Биздин адабият. V класс үчүн окуу китеби. 2-басылышы. (Б. Исаков менен бирге). – Бишкек: Мектеп, 1992, 288-б. **23**. Кубанычбек Маликовдун чыгармачылыгы. – Бишкек: КМУ, 1992, 118-6. **24.** XXкылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. – Бишкек: “Турар”, 2015, 656-б.

**III ЫР КИТЕПТЕРИ**

**Кыргыз тилинде:**

**25**. Байчечекей. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964, 158-б.

**26.** Тоолор менен сырдашуу. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1968, 140-б. **27.** Жаркын өмүр. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Мектеп, 1975. 206-б. **28.** Жолдор жана тагдырлар. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981, 180-б. **29**. Таазим. Ырлар жана поэмалар. - Фрунзе: Мектеп, 1987, 198-б. **30.** Замана. Ырлар менен дастандар. – Бишкек: Мамлекеттик «Учкун» концерни, 1994. **31**. Дил сыры. Ырлар, поэмалар, котормолор. – Бишкек: Бийиктик, 2004.

Орус тилинде:

**32**. Мой день. Ключ сердца; Стихи. – Фрунзе: Кыргызстан, 1965, 18-48-бб.

**33.** Дороги и судьбы: Стихи и поэма. – Фрунзе: Мектеп, 1972, 80-б.

**IV КОТОРМОЛОРУ**

**34.** Гамзатов Р. Менин чоң атам. – Фрунзе: Кыргыз окуу педмамбас, 1960, 16-б. **35.** Гамзатов Р. Ырлар. Китепте: Гамзатов Р. Бийик жылдыздар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1964. **36.** Мирсаид Миршакар. Федя. Поэма. Китепте: Памир жылдыздары. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962, 285-291-бб. **37.** Александр Прокофьев. Ырлар. Китепте: Орус мейкини. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962, 236-240-беттер. **38**. Жусуп Баласагын. Кутадгу билиг. Дастандан главалар. Китепте: К. Артыкбаев. Тоолор менен сырдашуу. – Фрунзе: Кыргызстан, 1968, 118-138-бб. **39.** Мырза шафи. Ырлар. Китепте: К. Артыкбаев. Жаркын өмүр. – Фрунзе: Мектеп, 1975, 189-208-бб.

Жогорудагы **II бөлүктө** биз окумуштуунун жогорку окуу жайларында көп жыл бою педагог катары эмгектенүү менен бир канча окуу программаларын, окуу китептерин жазып, жогорку окуу жайдын билим сапатын көтөрүүгө салым кошкондугун биз белгилеп өткөн «Фольклордук практиканын программасы», «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа, «Адабият таануугa киришүү» курсунун программасы. «Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа (Байыркы мезгилден XX кылымга чейин) жана ал программалардын негизинде жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» Республиканын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби (1982), «Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы». Окуу куралы. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн (С. Закиров, А. Абдыразаков, Л. Үкүбаева менен бирге)

(1988), «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы». Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби.” (2015) эмгектери тастыктай алат. Өзгөчө аталган эмгектеринин ичинен 1982-жылы жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» окуу китебинин жарык көрүшү коомчулукка күтүлбөгөн жерден резонанс жаратып, билим берүү системасында айрыкча жогорку окуу жайларда кыргыз адабияты боюнча билим берүүдө булуттан чыккан айга окшош эле жагдай туудурду. Окуу китеби жарык көргөндөн кийин илимпоз, акын жана коомдук ишмер Салижан Жигитов айткандай: “өзүлөрү жаза албайт, а жазсаң көрө албайт” дегендей оң жана терс көз караштагы пикирлер айтылды. “Жамандан жакшысы көп” дегендей чындыгында коомчулуктун 95% оң пикирлерди айтып, окумуштуунун андан аркы педагогдук ишине мотивация беришти. Маселен, Өзбек республикасынын Илимдер академиясынын мүчө корреспонденти Матякуб Кошчанов:” Справедливости ради, надо сказать что тов. К.Артыкбаев, благодаря своей эрудиции, таланту и трудолюбию, сделал огромную работу, которую не в силах иногда проделать и групп ученых. Ведь не секрет, что некоторые союзные республики еще не имеют своего учебника для вузов. В этом плане работа тов.К.Артыкбаева приобретает особое значение” [3, 52-б.] десе, Казак республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин доктору, профессор Т.Какишев: ”Не только портретные характеристики, но и обзорные главы богаты новыми мыслями, оргинальными обобщениями, где автор подвергая анализу литературный материал и привлекая ранее неизвестные, стремится осмыслить их заново, дать свою трактовку”. [3, 53-б.] Өзгөчө “Советтик Кыргызстан” газетасынын 1982-жылы, 14-сентябрдагы санына чыккан окумуштуулар К. Асаналиев менен С. Закировдун “Биринчи окуу китеби” деген макаласы адилеттүү, таасын ой пикирлери менен башка көз караштардан айырмаланып турду: “Бул окуу китеби жалаң кыргыз адабий фондусунун өкүлдөрүнүн нагыз жараткан көркөм чыгармалары гана түгүл, аларга карата ошол жарым кылымдан артык мезгилдин ичиндеги жарык көргөн сандаган сынчылардын, окурмандардын, а түгүл авторлордун өзүнүн өз чыгармаларына берген бааларына дейре мүмкүн болушунча тирмийип карап, алардын ар бирине зергерче көз салып, көркөмдөй айтсак, күмүштөн жезди ажыраткандай сортко бөлүп, ар бирин ордуна коюп чыккан бул эмгекти окуп отуруп ыраазы болдук”[6] деп келишип, окуу китебинин биринчи жаңылыгы катары “Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда” деген бөлүктү көрсөтүшкөн. Анткени, бул мезгилде кыргыз адабиятынын 1946-59-жылдардагы өнүгүү учуру камтылып, мунун өзүнчө объективдүү негиздерин согуштан кийинки кыргыз совет адабиятынын өнүгүшүнө мүнөздүү болгон башкы жыйынтыктар 1958-жылы Москвада өткөрүлгөн адабият менен искусствонун он күндүгүндөгү кароонун жыйынтыктары менен, 1959-жылы болуп өткөн Кыргызстан жазуучуларынын 3-сьезди, 50-жылдардын экинчи жарымындагы, тагыраак айтканда, декадага даярдык көрүү мезгилиндеги адабий чарбанын жетишкендиктери кыргыз адабиятынын мезгилдештирүүгө бөлүп келген фактылардан айырмаланган өзүнчөлүктөрдү бөлүп көрсөткөндүгүн себеп катары көрсөтүшөт. Экинчи жаңылыгы катары мурда орто мектептин окуу китептеринде, ”очерк”, же “тарыхтарда” адегенде мезгилдештирүүгө ылайык обзордук бөлүктөр берилип, портреттик бөлүктөр бүт бойдон анда кийин жайгаштырылып келгендиги баарыбызга маалым. Андан айырмаланып бул окуу китебинде авторлор белгилешкендей жазма адабиятыбыздын өнүгүшүнүн белгилүү бир тарыхый мезгилине чыгармачылык өмүрү, негизги чыгармаларынын жаралыш учуру туура келген кайсы бир жазуучулар мезгилдештирүүлөрдүн ылайыгына жараша жайгаштырылгандыгын, маселен, М. Элебаев, Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков, согуш мезгилине А. Осмоновдун чыгармачылыгынын берилгендигин белгилешет. Үчүнчү жаңылыгы катары М. Токобаев, Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаев, А. Токтомушев, Н. Байтемиров, Т. Абдымомуновдун портреттик бөлүмдөрүнүн мазмундук жаңылыгын жана анын жеткиликтүү иштелгендигин көрсөтүшөт. Жетишкендиктер менен бирге: обзордук бөлүктөрдөгү азыркы кыргыз совет адабияты жөнүндөгү С. Жусуев, Б. Сарногоев, М. Жангазиев, К. Каимов, А. Стамов, К. Жусуповдордун чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн тереңдетүүнүн жана портреттик бөлүктөрдү дагы толуктоонун зарылдыгын, ал үчүн мурда жазылган программаны кайрадан иштеп чыгуу керектигин белгилеп көрсөтүшөт.

Жогорудагыдай омоктуу ойлорду туура кабыл алган окумуштуу айтылган пикирлерди

туура кабыл алуу менен окуу китебинин маңыз мазмунун ондоп, түзөп койгон экен 2015-жылы «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы». Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби көзү өткөндөн кийин (2009. ноябрь) жарык көрдү. Анын биринчи бетиндеги редакциялык кеңеште белгилегендей: “Киришүү”, ”XX кылымдын башындагы кыргыз адабияты (1900-1917), ”Касым Тыныстанов”, ”Төлөгөн Касымбеков”, “Жалил Садыков”, ”Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги кыргыз адабияты (XX кылымдын аяк мезгили)”, “Кинодраматургия”, “Кытай кыргыздарынын адабияты жөнүндө кыскача маалымат” өңдүү бөлүмдөр жаңы жазылып, калган бөлүктөрдүн, бөлүмдөрдүн баары орчундуу алымча кошумчалар менен учурдун талабына ылайык кайра иштелгендигин” көрөбүз. 34-б.).

Макалабыздын көлөмү чектелгендигине байланыштуу окумуштуунун педагогикалык ишмердиги тууралуу жана анын ЖОЖдор, мектептер үчүн жазган Кыргыз адабияты (4, 5-класстар) окуу китептеринин мазмуну, педогогика илиминдеги алган орду тууралуу окумуштуулардын, практик методистердин, ой, пикир, бааларын кеңири бергенге болчудай эмес. Ошондуктан кыскача **III бөлүмдүн** негизги мазмунун кыскача бергенге аракеттенели.

Адабий чөйрөдө жана коомчулукта К.Артыкбаев окумуштуу, сынчы, адабиятчы, педагог катары маалым болуп келсе, бул алгачкы “Байчечекей” жыйнагы аркылуу ал, акын катары таанылгандыгы, жана ал жыйнактагы ырлардын негизги темасы туулган жер, Ала – Тоо, сүйүү, жашоонун күнүмдүк ыргагы көркөм, идеялык-эстетикалык жактан жогорку денгээлде жалпылангандыгын көрөбүз. Белгилей кетүүчү нерсе, алгачкы ырлар жыйнагы экендигине карабастан, ага акындын “Кайрылган сүйүү”, “Саиджа” деген эки поэмасы да кирген. Поэмалардагы айрым сюжеттик мүчүлүштөрүнө карабастан, бул поэмалары жана ырлары поэзия жанрынан өз ордун ала алды десек болот.

Андан кийинки “Тоолор менен сырдашуу”, “Жаркын өмүр”, ырлар жана поэмалары, “Жолдор жана тагдырлар”, “Таазим”, “Замана”, ырлар менен дастандары, “Дил сыры”, ырлар, поэмалар, котормолорунда акындын чыныгы акындык жүзү, чыгармачыл деңгээли, жөнөкөй эле нерседен чоң көркөм ойду бере билген көркөм эрудициянын чебери экендигин тастыктай алды. Акындын кайсы гана поэзиялык чыгармаларын окубайлы анда тарбиялык таасири күчтүү ойлор камтылып жаткандыгына ынанууга болот.

**А. IV бөлүмдөгү** котормолору аркылуу устазымдын илимий-чыгармачылык чабыты ар тараптуу кеңири жана терендигин белгилөө менен кыргыздын адабият таануусунда өзүнүн өлбөс, өчпөс мурастарын калтырып кеткендигин сыймыктануу менен айтууга акым бар деп ойлоймун.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Фрунзе: Мектеп, 1982, 528-б.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби.” 2-басылышы. – Бишкек: “Турар”, 2015, 4-б.
3. Артыкбаев К. Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети, 2004, 52-53-бб.
4. Кыргызстан маданияты, 1971-жыл, 15-декабрь.
5. Ленинчил жаш, 1982-жыл, 18-март.
6. Советтик Кыргызстан, 1982, 14-сентябрь.


**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Колдошев М.**